ProKG

# ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТ

Сагибаев Арал Турсунашевич

Активдүү иш жана биргелешкен кызматташтык үчүн терең ыраазычылык билдиребиз.
"Менин Мектебим"долбооруна кошкон салымыңыз зор жана мындан аркы ийгиликтүү кызматташууга ишенебиз. Сизге ийгиликтерди каалайбыз!

**Дастан Омуралиев**
ProKG Профессионалдар Клубунун
Байкоочу Кеңештин төрагасы

**Сабина Аббасова**
ProKG Профессионалдардын
Клубунун Аткаруучу директору


REDMI NOTE 9
AI QUAD CAMERA





# МЕНИН МЕКТЕБИМ

## ДОЛБООРУНУН СЫНАГЫ

**ProKG уюму 11-класстардын окуучуларынын арасында мега стипендиалдык сынак жарыялайт! Бул сынак өзүңдү баалоого, окуудагы жетишкендиктериңди жакшыртууга, эркиңди бекемдөөгө жана ийгиликтүү адамдар менен таанышууга мүмкүнчүлүк берет!**

**Биз 11-класста билим алган окуучулардын баардыгын ушул сынакка катышууга чакырабыз! Стипендиалдык сынак өз күч-кубатына ишенген, окууда чоң аракет көрсөткөн жана илим-билим дүйнөсүнө сүңгүүгө даяр болгон 2020 - жылкы мектептин баардык бүтүрүүчүлөрүнө ачык.**

## "МЕНИН МЕКТЕБИМ" ДОЛБООРУНУН СТИПЕНДИЯСЫН УТУП АЛУУ ҮЧҮН ЭМНЕ ЖАСОО КЕРЕК?

Алгачкы кадамды дароо азыр башта жана камдан! Ааламга жол айылдан башталат. ProKG ар бир адамдын күч-кубатына ишенет жана ар бир ийгилик эң алгачкы аракеттен башталарынан кабардар!

Өз убактыңды пландаштыр жана жалпы республикалык тестке (ЖРТ, ОРТ общереспубликанское тестирование) даярданып башта. Билим – жанып турган чырак. ProKG илим-билимге чын дилинен умтулган адамдарды колдойт!

Мектебиңде ЖРТ боюнча эң жогорку баллга ээ бол. Жеңиштин жемишин эмгекчил жана дымагы күчтүү адамдар гана алышат. ProKG адамдардын лидердик сапаттарын жана коомго үлгү болуу аракеттерин жогору баалайт!

## "МЕНИН МЕКТЕБИМ" СЫНАГЫНЫН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН АНЫКТОО ШАРТТАРЫ

ЖРТ боюнча жогорку баллдарды алган алчачкы **үч бүтүрүүчүлөр жана алардын класс жетекчилери** Бишкекке үч күндүк жекече өнүгүү тренингине чакырылат.

"Менин мектебим" проекттин стипендианттары тренингтин **биринчи жана экинчи күндөрүндө** жеке жана академиялык жашоодо эң керектүү принциптерди жана ыкмаларды алгачкылардан болуп билишет. Спикерлер эл аралык тажрыйбасы бар жана жогорку билимдүү профессионалдар.

Тренингтин **үчүнү күнүндө** стипендианттар жана алардын класс жетекчилери борборубуздун тарыхый жана маданий жерлерине экскурсияга барышат.

www.prokg.org @prokgclub @prokgclub